# ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ

**УДК 37.01=512.154**

***Азимов И.Н.***
*аспирант Кыргызско-Узбекского Междун. универ., Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНЫН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ ЖАНА АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

*Бул макалада изилдөөнүн предмети катары Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагынын СССР учурундагы абалы, сапаты, өнүгүү тарыхы жана ошондой эле азыркы учурдагы экономикалык, социалдык абалы, мамлекет тарабынан каржыланышы каралат. Ал эми макаланы жазуунун максаты болуп билим берүү тармагындагы көйгөйлөрү, кемчиликтерди жана болуп жаткан өзгөрүүлөрдү ачып көрсөтүү болуп саналат. Изилдөөнүн жүрүшүндө талдоо жана синтез ыкмалары, байкоо, аналогия, илимий билимдин салыштырма методдору колдонулган. Билим берүүнүн сапаты, кемчиликтери жана жетишкендиктери, билим берүүдөгү жаңычылдыктар изилденди. Аймактардагы билим берүүгө өзгөчө көңүл буруу да билим берүү тармагынын өнүгүүсүнө зор салымы кошулат. Билим берүүдөгү көйгөйлөрдү жоюу жолдору, системаны каржылоо, бүтүрүүчүлөрдү жумуш менен камсыз кылуу, жогорку окуу жайларды өзүн-өзү каржылоого өткөрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине сунуштар камтылды. Башка өнүккөн өлкөлөрдүн да билим берүүдөгү жетишкендитерин мүмкүнчүлүккө жараша тажрыйбасын алып колдонсо, бул да жакшы жыйынтык болот.*

***Негизги сөздөр:*** *илим; билим; система; коррупция; мамлекет; мектеп; экономика; жогорку окуу жай; адис; жетишпестик; бюджет.*

## СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ И ИСТОРИЯ РАЗВИТИЯ СИСТЕМЫ ОБРАЗОВАНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*Предметом исследования является состояние, качество, история развития системы образования Кыргызской Республики в СССР, а также текущее экономическое и социальное положение, государственное финансирование. Цель данной работы - выявить проблемы, недостатки и изменения в сфере образования. В исследовании использовались методы анализа и синтеза, наблюдения, аналогии, сравнительные методы научного познания. Уделение особого внимания образованию в регионах также внесет значительный вклад в развитие системы образования. Изучены качество, недостатки и достижения, инновации в образовании. Предложены рекомендации Министерству образования и науки КР по решению проблем в образовании, системе финансирования, трудоустройстве выпускников, переходе вузов на хозрасчет. Если мы максимально используем опыт, других развитых стран в образовании, это будет хороший результат.*

***Ключевые слова:*** *наука; образование; система; коррупция; государство; школа; экономика; университет; специалист; дефицит; бюджет.*

## HISTORY AND CURRENT STATE OF DEVELOPMENT OF THE EDUCATION SYSTEM OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*The subject of this article is the state, quality, history of the development of the education system of the Kyrgyz Republic in the USSR, as well as the current economic and social situation, government funding. The purpose of this article is to identify problems, shortcomings and changes in the field of education. The*

*study used methods of analysis and synthesis, observation, analogy, comparative methods of scientific knowledge. The quality, shortcomings and achievements, innovations in education have been studied. Recommendations were proposed to the Ministry of Education and Science of the Kyrgyz Republic on solving problems in education, the system of financing, employment of graduates, the transition of universities to self-financing. It will be a good result if we use the experience of other developed countries to the best of our ability.*

***Keywords:*** *science; education; system; corruption; state; school; economics; university; specialist; deficit; budget.*

Ар бир мамлекетте билим берүү системасы адам капиталынын сапатын жогорулатат. Ошондуктан билим берүү тармагына өзгөчө көңүл бурулуусу зарыл. Кыргызстандын келечеги тууралуу кеп козголгондо маселенин баары саясатка барып токтолот. Бирок жаш муундар жана келечек үчүн маанилүү болгон, көңүл бура турган өзгөчө маселелер да бар, ал билим берүү системасы.

Мамлекет бүгүнкү күндө демократияга жана базар экономикасына негизделген эгемен мамлекетти жана ачык коомду түзүү үчүн көп сандаган социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн жолунда бара жатат. Бул процесстер коомдун маанилүү бөлүгү болгон билим жаатына да таасирин тийгизүүдө.

Жылдан-жылга тезделип келе жаткан интеграция мамлекетибиздин дүйнөлүк коомчулукка кириши, эл аралык кызматташтыктын ыкчамдашы да билим жаатына чоң таасирин тийгизет. Ошондуктан билим жаатындагы өзгөрүү процесстерин кылдат талдоо зарыл, анткени башка өлкөлөрдөн алынган тажрыйбалар жаш муундун өнүгүп өсүүсүнө чоң көмөк берет [1].

Кыргызстандын билим берүү системасы ондогон жылдар бою СССР курамы кезинде өлкөнүн сыймыгы болчу. Эгемендүүлүктү алганга чейин Кыргызстанда, көп сандаган башка өлкөлөрдө өтө курч турган маселелер чечилген. Калктын басымдуу бөлүгү сабаттуулукка ээ болгон, башталгыч класстагы билим алгандардын саны көбөйүп, өлкө жалпы орто билим алуу маселесин чечкенге жетип калган. Жылдан-жылга жогорку окуу жайда окуган студенттердин саны көбөйүп жаткан. Окутуучулардын чеберчилиги жогорку деңгээлге жеткен. Мындай абал окуучулардын туруктуу жогорку жетишкендиктерге жетишине шарт түзүп, өзгөчө табигый жана математика илимдеринде жетишкендиктер байкалган. Жылына ондогон окутуу мекемелери пайдаланууга берилип, окуу мекемелери керектүү көрсөтмө куралдары жана методикалык адабияттар менен толук камсыз болгон. Канааттандырарлык лабораториялар жана китепканалар болгон. Бирок булардын баары эгемендүүлүктү алгандан кийин, башкача айтканда рынок шартына өткөндөн кийин өзгөрдү. СССРдин билим берүү системасы авторитардуу жана пландуу чарбачылыкка ылайыкташкандыктан, рынок экономикасына жана ачык саясий системага ылайык эмес болуп калды. Өткөөл мезгил учурунда тышкы социалдык-экономикалык проблемалар системанын ички проблемаларынын күчөшүнө алып келген. Мамлекеттин каражаты калктын күндөн күнгө өсүп келе жаткан суроо талабын канааттандыра албай калды, бул өз учурунда билим берүү секторунда жекече мекемелердин пайда болушуна алып келди. Билим берүү тармагы рынок принциптерине өтүүнү баштап, билим берүү мекемелеринин өзгөчө жогорку окуу жайлардын арасында атаандаштык башталды [4].

Бүгүнкү күндө билим берүү тармагы өнүгүү жолунда келе жатат десек болот. Анткени билим берүүнүн бардык баскычтары бир жарым миллиондон көп адамды камтыйт, анын

ичине мектеп окуучулары, студенттер жана окутуучулар кирет. Бул алты миллион калк үчүн канааттандырарлык көрсөткүч десек болот. Бирок медалдын эки тарабы болгондой эле бул тармакта да көйгөйлү маселелер, кемчиликтер абдан көп. 2015-жылы Дүйнөлүк банк билим берүүнүн деңгээли боюнча жүргүзгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгынын негизинде Кыргызстан 44-орунду ээледи, биздин алдыбызда Армения (43), Казакстан (37) жана Украина (31) мамлекеттери турат. Тактап айтканда изилдөөчүлөр, бизнесмендерден аларда иштеген кадрлардын профессионалдык даярдыгына жана билим деңгээлине бирден жети баллга чейин баа берүүсүн суранышкан. Бирок алар орто эсеп менен эки менен үч баллдын аралыгындагы баа беришкен бул албетте өтө эле төмөн көрсөткүч.

Мисалы, медициналык борборлордун маркетинг бөлүмүнүн кызматкерлеринин айтуусу боюнча, аларга тапшырылган 100 резюменин ичинен билим деңгээли боюнча туура келген 3-4 эле адамды тандап алышат, ал эми психиатр-нарколог кызматына кадр табуу такыр эле мүмкүн эместигин айтышат. Бирок ушул эле учурда өлкөдө 259 миң студент жана аспиранттар окуп жатышат, жылына 50 миңдей бүтүрүүчү диплом алат. Анткен менен ошол 50 миң жаш кесип ээлери өз кесиби боюнча иш таба албай калууда. Мунун негизги себептери болуп биринчиден мамлекет тарабынан жетиштүү жумуш орундары менен камсыздалбашы жана окуу жайлардын мамлекет менен тыгыз байланышынын жоктугу, башкача айтканда студенттерди өлчөмүнөн көп кабыл алуусу, экинчиден студенттин өзүнүн жөндөмүнө жараша эмес, окуу жайдын аброюна карап тапшыруусу болуп эсептелинет. Мисал келтире кетсек, Кыргызстан эгемендүүлүктү алган соң техникалык кесиптер керексиз болуп калды. Анын ордуна окуу жайлар өтө көп санда юристерди, экономистерди, башкаруучуларды жана дипломаттарды чыгара баштады. 259 миң студенттин ичинен 110 миңи экономика жана эл аралык байланыштар тармагында окушат. Ал эми жалпы орто билим берүү тармагында, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде (бала бакчаларда) да өтө көп көйгөйлөр кездешет. Алардын негизгилери кадрлардын жетишпестиги, мектептердин, бала бакчалардын санынын аздыгы, билим сапатынын төмөндүгү сыяктуу маселелер болуп саналат. Айта берсе мындай көйгөйлөр өтө көп, жалпылап айтканда бүгүнкү күндөгү билим берүүнүн абалы орто же өнүгүү жолунда деп тыянак чыгарса болчудай.

Азыркы учурда билим берүү мекемелери, анын ичинде мектептер (жеке менчик мектептерден сырткары) 100% мамлекет тарабынан каржыланып, карапайым калк үчүн бир кыйла жеңилдик болууда. Кыргызстандын билим берүү системасына өлкөнүн мамлекеттик бюджетинен 20% бөлүнүп, анын 68% жалпы орто билим берүүгө жумшалып, билим берүүнү каржылоо боюнча дүйнө мамлекеттеринин алдыңкы катарында болсо дагы, каржы тартыштыгы курч бойдон калууда [1]. Демек, негизги маселелердин бири – мектептерге каражаттын көп же аз бөлүнгөнүндө эле эмес, аны рационалдуу пайдаланууда дагы экендиги көрүнүп турат. Мындай шартты жана рыноктук экономиканын талаптарын эске алуу менен мамлекеттик бюджеттен мектептерди каржылоо үчүн бөлүнгөн каражаттарды натыйжалуу пайдалануу максатында мектептерди, аларда окуган окуучулардын санына карап жана адам башына жараша каржылоону толук киргизүү туура. Маселенин мындай так, туура чечилбегенинен улам окуучулар менен мугалимдердин саны кыскарып жатканына карабастан мектептердин, ал жердеги чарба кызматкерлердин саны, аз сандуу класстар көбөйүп бюджеттин каражаттарын пайдаланууда ысырапкорчулукка жол берилүүдө.

Мисалы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын маалыматына караганда, 2013-2014 окуу жылында ашыкча 110 класс аныкталып мугалимдер айлык акысы менен социалдык фонддун төлөмдөрүнө эле бюджеттен 31,6 миллион сом ашыкча коротулган. Ушундай жана ушуга окшогон көрүнүштөрдөн улам 2012-2014 окуу жылдарында мектептик билим берүүнү каржылоого жумшалган каражаттардын көлөмү эки эсеге өсүп , 12,2 млрд. сомду түзгөнү менен, анын 78,3% эмгек акы чыгымдарын каржылоого жумшалып, 13,47% социалдык фондко бөлүнгөн. Калган аз бөлүгү гана мектептердин чыгымдарын каржылоого жумшалган.

Ал эми жогорку окуу жайлардын көпчүлүгү өзүн өзү каржылоого өтүшкөн. Кыргызстанда жалпы жолунан 52 жогорку окуу жайы бар болсо, анын ичинен 21 жогорку окуу жайы жеке менчикте. Мамлекеттин каржылоосундагы 31 окуу жайдын ичинен бешөөсү өзүн өзү каржылоого өткөн. Ал эми мамлекет жылына жогорку окуу жайлар үчүн 360 млн сомдой каражат болот. Ошол эле учурда 365 миллион сомдой каражат жыйналып алынат. Ошондуктан, мамлекеттик делген окуу жайларды мамлекеттик деп аташка да ооз барбайт. Анткени алар мамлекеттен бир тыйын албай эле акча таап, тескерисинче кайра берүүдө. Ошентсе да окуунун сапаты төмөн бойдон калып, талапка ылайык кадрлар даярдалбай келет. Билим берүү министрлигинин маалыматына ылайык 2013-2014 окуу жылында орточо 230 мин студент билим алды, анын 120 миңи сырттан окуйт. Ал эми студенттер жылына 2 миллиард сом контракт төлөшөт [2].

**Билим берүү тармагындагы көйгөйлөр:**

- билим берүү системасындагы рыноктук механизмдердин жоктугу;
- жумушчуларды кызыктыруучу нерселердин алсыздыгы;
- мугалимдердин эмгек акысынын аздыгы;
- атаандаштыктын жоктугу жана төмөн социалдык коргонуу коррупцияны туудурат, билим берүү системасына болгон ишенимди жокко чыгарат, системанын бузулушуна алып келет да билим менен диплом өз баалуулугун жоготот.

Төмөндө эң негизги кемчиликтерге токтолсок:

- кызыгуунун жоктугу. Бүгүнкү күндө билим берүү жаатында окуп жана иштеп жаткандардын кызыгуусу чоң мааниге ээ. Бирок өлкөдө мугалимдерде, жетекчилерде жана ректорлордо кызыгууну жаратуучу нерселер аябай эле аз. Стимулдардын жоктугун окуучулардын сапатынын көрсөткүчтөрү көрсөтүп турат. Кыргызстан изилдөөгө катышкан 57 өлкөнүн ичинен 57- орунга ээ болгон. Буга окшош көрсөткүчтөрдү жогорку билим берүү жаатында да байкоого болот. Жогорку окуу жайлардын адистерди даярдоо программалары жумуш берүүчүлөрдүн талаптарына такыр жооп бербей келүүдө;

- билим берүү системасында ачыктыктын жоктугу. Билим берүү системасына өтө көп акчалар жумшалууда, бирок алардын пайдалануусу тууралуу маалымат аз. Билим берүү министрлигинин интернет баракчасында бардык сарпталган каражаттар тууралуу маалымат отчет түрүндө көрсөтүлүшү керек;

- толугу менен коррупциялашкандык. Жүргүзүлгөн сурамжылоолордун жыйынтыгы боюнча, Кыргызстандагы эң чоң мамлекеттик болуп саналган университеттердеги студенттердин 55% жакшы баа алуу максатында окутуучуга пара же белек беришкен. Айта берсе ушул сыяктуу көйгөйлөрдүн чеги жок, бирок мындай кемчиликтерди жоюу үчүн алгылыктуу иш аракеттер жүргүзүп жатат.

Жогоруда аталган билим берүүнүн деңгээлин жакшыртуунун бир нече жолдору бар, алардын негизгилерин мисал катары карап кетсек: өлкөнүн жаш жарандарын натыйжалуу

жана сапаттуу билим менен камсыз кылуу үчүн, билим берүү жаатында атаандаштыкка жөндөмдүү рыноктун түзүлүшүнө көңүл буруш керек. Билим берүнүн сапаты атаандаштык чөйрөдөн жана башка стимуляция кылып турган себептерден көз каранды:

- окуучу үчүн атаандаштык. Окуу жайда канчалык көп окуучу окуса, ага ошончолук каражат бөлүнөт. Ошентип билим берүүдөгү атаандаштык чөйрө пайда болуп, окуу жайлар ар бир окуучу үчүн күрөшүп калат;
- билим берүүнү жеке секторго өткөрүп берүү. Мамлекет жеке мектептердин жана жогорку окуу жайлардын пайда болушуна керектүү шарттарды түзүп берүү маселелерине көңүл бурушу зарыл. Жеке менчик жогорку окуу жайлардын өнүгүүсү билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет. Мындан тышкары бул система мамлекеттик каржылоо жана жогорку квалификацияланган кадрларды даярдоо маселелерин чечет. Өкмөттүк эмес билим берүү институттары атаандаштыкка алып келет да жалпы билим берүү сапатын жогорулатат [3].
- Окуу жайлар дипломдорду басып чыгарууга эмес, жумушчулардын деңгээлин жана кесиптик сапаттарын көтөрүүгө умтулуусу зарыл;
- мугалимдин ишинин сапатын жогорулатууга түрткү берүү;
- окуу технологияларын өркүндөтүү;
- жогорку окуу жайларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;
- окуу программасын түзүүдө окуучулардын жана студенттердин укуктарын кеңейтүү;
- начар окуу жайларын жабуу жана башка ушул сыяктуу жолдорду колдонуу өз натыйжасын берет .

Сапаттуу билим берүү бул өлкөнүн гүлдөп өнүгүшүнүн бирден бир шарты болуп эсептелинет, андыктан жаш муун сапаттуу билим алууга жана берүүгө аракеттенсе, Кыргызстан билим алуудагы эң мыкты өлкөгө айланат .

**Жыйынтык**

Билим берүү системасын өлкөнү социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүдө негизги инструмент катары колдонуу менен, бул тармактарды туура өнүгүү жолуна салууга болот. Аймактардагы билим берүүгө өзгөчө көңүл буруу да билим берүү тармагынын өнүгүүсүнө зор салымын кошот деп айтууга болот. Ошондуктан билим берүү тармагына реформа жүргүзүү, инновациялык технологияларды киргизүү, каржылоонун туура багытын тандап алуу учурдун талабы. Ошондой эле башка өнүккөн өлкөлөрдүн да билим берүүдөгү жетишкендитерин өзүбүздүн мүмкүнчүлүгүбүзгө жараша тажрыйбасын алып колдонсок, бул да жакшы жыйынтык бермек.

**Колдонулган адабияттар:**


1. **Райымбаев,Ч.К.** Кыргыз Республикасынын социалдык тармактарындагы экономикалык көйгөйлөрү [Текст] / Ч.К.Райымбаев.- Ош, 2013.- Б.107-126.
2. www.stat.kg Улуттук статистика комитети, Кыргызстан цифраларда,2018
3. www.bbc.com 6-март 2018-ж. Алмазбек Токтомаметов
4. Кыргыз билим берүү академиясынын вице-президенти [Электрондук булак].-Б.: Эгемендүү Кыргызстандагы билим берүү // О. Осмонов, 2017.-Режим доступа: http://students.com.kg/?p=562. – Эгемендүү Кыргызстандагы билим берүү.
5. **Жусупов, Б.А.** Билим берүү чөйрөсүн ченемдик жөнгө салуунун актуалдуу маселелери [Текст] / Б.А. Жусупов, Д.С. Эркинбаева // Наука.Образование.Техника.- Ош:КУУ, 2015.- №2.- С. 163-166.


*Поступила в редакцию 20.02.2021 г.*